
Скырп
С 17

САМИЕВ МАМАТИБРАИМ

*Кылмышкерлерди издөө кызматынын түзүлгөндүгүнүн*

**100**

*жылдыгына арналат*



# АГЕНТУРИСТ

Ош – 2018

Формуляр книги
Скырг 481898
С 17 Самиев М.
...турист
80с

ОсБ
Скырг
С17

**МАМАТИБРАИМ САМИЕВ**

*Кылмышкерлерди издөө кызматынын түзүлгөндүгүнүн 100 жылдыгына арналат*

# АГЕНТУРИСТ

Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана
ИНВ № 481 898

Ош – 2018

Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
С 17

С 17 Самиев Маматибраим
Агентурист-Ош: 2018-52 б.

ISBN 978-9967-18-457-2

Урматтуу окурман! Бул чыгарма сизди кайдыгер калтырбайт. Анткени чыгармада күч органдарынын, өзгөчө милиция кызматкерлеринин жашоосу жана алардын кылмышкерлер менен болгон аеосуз күрөшү, ошондой эле чыккынчылык аракеттери чагылдырылган.

1918-жылы 5-октябрда Россия Советтик Федералдык Социалисттик Республикасынын Элдик ички иштер комиссариатынын токтому менен кылмышкерлерди издөө кызматы түзүлгөн. Ошондуктан бул китеп 100 жылдык юбилейге арналат.

Китеп окурмандардын кеңири чөйрөсүнө сунушталат. Күч органдарынын кызматкерлерин, жалпы эле жаш окурмандарды кайдыгер калтырбайт.

С 4702300100-18

ISBN 978-9967-18-457-2

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
©ЖЖК Самиев М., 2018



**Баш сөз**

Эсил СССР таркагандан кийин ар бир республика өзүнчө күнкорсуз жашоосун улантууда.

Бирок Советтер союзунун учурунда кылмыш чөйрөсү катуу көзөмөлдө болуп, бардыгын Москва башкарчу. Ошондон улам “Москва слезами не верит” (“Москва көз жашка ишенбейт”) деген сөз калган. Акыркы жылдары бүткүл дүйнө боюнча, Орто Азия мамлекеттеринде, анын катарында Орто Азиядагы демократиялык арал болгон Кыргызстанда да уюшулган кылмыштуулук күч алууда. Күч органдарына караганда уюшулган кылмышкерлерде техника, технология, автотранспорт, каражат бир кыйла жогору. Ошого карабай кылмыштуулукка өздөрүнүн мекенчилдик туюмунун негизинде күрөшүп келе жаткан кызматкерлерге-фанаттарга биз дайыма ыраазы болуп рахматыбызды айтабыз. Бирок арасында “бир кумалак бир карын майды чиритет” дегендей, кумалактар да жок эмес. Алар биздин чыгармада да кездешет. Демек мамлекетке ата салтына, эне адебине, тарыхыбызга, сыймыктуу бабабыз улуу Манаска таянган идеология, өзүнүн жүрөгү менен ак эмгек кылган келечекке ишенген дайыма адилет, акыйкат чечим чыгарган ыймандуу инсандар, өзгөчө жаштар керек.

Биздин либералдык жана бири-бирине карама-каршы келген мыйзамдар коррупционерлерге жол ачып, кылмышкерлерди актап жиберүүгө шарт түзүп, күч түзүмдөрүнүн ишин татаалдаштырып, кээде жокко чыгарып жатат. Ал эми мамлекетибиздин чек араларын көзөмөлдөөнүн начардыгы жана башка факторлор кылмыш дүйнөсүнүн өсүп-гүлдөшүнө шарт түзүп берүүдө. Эл өзү көрүп турат. Айласыздан мектептен бала

бакчага чейин коопсуздукту сактоо үчүн видео камераларды жана кароолдорду коюп көзөмөлгө алууга муктаж болуп жатабыз. Бул деген миллиондогон акча. Жогорудагы факторлор биздин коомго, саясий туруктуулугубузга таасирин тийгизип, ашыкча каражат талап кылат. Эгерде биз кылмыштуулук, терс көрүнүштөр менен "бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып" аеосуз күрөшүп, ыймандуу туу тутсак, коом туура жолго түшүп, каражаттар үнөмдөлүп, мамлекетибиз оңолмок.

Адамдар дили сергек, руху күчтүү, билимдүү, сабырдуу болуп, акыйкатты жана ыйманды баарынан жогору коюп биримдикте болсок, эл бул күрөштө утуп чыгат. Чыгарма эртеби-кечпи чындык, адилеттүүлүк жеңип чыгышын, кыргызда "кыңыр иш кырк жылдан кийин билинет" дегендей кылмыштуулук, терс көрүнүштөр эл алдында ашкереленип, чындык, ыймандуулук даңазаланаарын жар салат.

***Автор***



# АГЕНТУРИСТ

"Сулайман-Тоо" музейинде өтө коркунучтуу кылмыштуу топтун мүчөлөрү жүрөт" деген ишенимдүү адамдардан, тыңчылардан түшкөн маалыматты тактоо жана кылмышкерлерди кармоо үчүн оперативдүү кызматкерлер Сулайман-Тоого барышты. Музейдин көрүүчүлөр залында Эржан, Арлен жана бир милиционер, сырттагы оперативдүү машинада жашыруун видеокамера менен дагы бир кызматкер калды. Себеби, музейдин ичинде кылмышкерлер жолугушат деген так маалымат бар эле. Тоонун коздугуна колун жаңсай Эржан гиддерге окшоп, «Сулайман-Тоонун коздугун карагылачы, кол менен жасап койгондой» деди.

Арлен:- Негизинен биз бейиште жашайбыз.

Эржан: - Келди, күтөбүз.

Кылмышкерлердин бири Камчы колундагы кара флешканы шеригине берип жатып, аларды сүрөткө тартып жаткан Арленди байкап калды. Өзүнүн байкатып койгонуна ыңгайсыздана түшкөн Арлен Эржанга акырын «бизди байкап калды» деп шыбырады.

Эржан: -Бол, тезинен кармайбыз. Флешка бергенди мен, флешка алганды сен карма.

Камчы: - Биздин артыбызга түшүптүр, бул сенин ишиңби?

Шериги: - Мен мындай иштен 200 км. алыс жүрөм,- деп флешканы алган бойдон жогору мечитке түшчү жолду карай качты.

Ал эми Камчы чыңк ылдый Араван аялдамасына түшчү жолду көздөй түшө баштады.

Эржан: Сен артынан куу. Колдон чыгарба!

Өзү Камчынын артынан кубалап жетип кармады да суроо узатты:

- Флешкада эмне болчу? Кылмыш жасоонун планыбы же кылмышкерлердин тизмеси беле?

Камчы: - Саякатчылардын тизмеси,-деп каткырат.

Арлен кылмышкерди кармоого мүмкүнчүлүгү болсо да кармай албай качырып жибергенине ичи ачышып чарчаганда демигип кайтып келип: «Ыйык жерде да жаман иштерди жасашат. Буларды кармаш керек эле. Бекер качырдым. Физкультурадан качкандын кесепети» деп уялып калды.

Эржан:- Камчынын колуна кишен салып, «саякатчыны» отделге алпаргыла, ошол жерден сүйлөшөбүз.

Камчыны машинага салып баары чогуу милиция бөлүмүнө келишти.

Милиция бөлүмүндө Темир, Эржан, Арлен болушуп Темирдин кабинетинде отурушканда Абай кирип келет.

Эржан Абайга карап:

-Кылмышкердин бирөөсүн кармадык, бирөөсү качып кетти, кармалганын убактылуу кармоочу жайга тапшырдык,-деп кылган иштери тууралуу билдирди.

Абай аларга ачуулана:

-Силер эмне иш кылып койгонуңарды билесиңерби?

Эржан таң калып: -Эмне кылыптырбыз?

Абайдын каардуу жүзүнө жылмаюу аралап:

-Силер чоң уюшкан кылмышкерлердин уюгун таап алдыңар, куттуктайм! Жаш болсоңор да кылмыш дүйнөсүн изилдөөдө зор иштерди алып баратасыңар.

Арлен: - Ушинтип коркуткан адатыңыз бар да, ушул адатыңызды токтотсоңуз. Бизди колдоп турсаңыздар эле кылмышкерлерди жазасыз калтырбайбыз.

Темир: - Жакшы. Бошсуңар, бара бергиле!

Эржан менен Арлен какая тура калышып, биз кеттик деп чыгып кетишет.

Абай Темирге карап: -Кел досум, жумуш көп болуп баарлаша да албай жатабыз. Эсиңдеби, сага «мыкты оперативдүү кызматкер» наамын ыйгаргандан кийин сага «агентурист» деген лакап ат коюп алганбыз. Жашыруун кызматкерлер, тыңчылар менен эч кимибиз сендей иш



алып бара алчу эмеспиз. Бир жаштык кезди, өткөндөрдү эстебейлиби?

- Макул, мен азыр да даярмын. Кеттик эстөөчү жайга.

- Жок, жок. Азыр эмес. Менин жумушум көп эле. Өтүп баратып эле баш баккам. Сага жолтоо болбоюн. Азаматсыңар,-деп чыгып кетти.

***

Бир күндөн кийин. Эржан өзүнүн кабинетинде убактылуу кармоочу жайдан Камчыны алып чыгып суракка алат.

Эржан: - Биз сени угуп жатабыз. Кааласаң адвокатыңды чакырсаң болот. Болбосо мыйзам чегинде адвокат менен камсыздайбыз.

Камчы: -Мен эч кандай кылмышкер эмесмин. Музейди көргөнү келгем. Мага адвокаттын да кереги жок. Эмнени уккуңар келет, сурагыла.

Эржан колундагы документтердин арасынан бир нече сүрөттөрдү алып чыгып көрсөтүп:

-Канатбеков Камчы Каныбекович, качантан бери курал-жарактарды сатуу менен алектенесиңер? Аларды кайдан аласыңар жана мунун башында ким турат? Элдин тынчтыгы силерге керек эмеспи. Эч болбосо Кудайдан коркпойсуңарбы?

Камчы: - Билесиңби, сен менин укугумду бузуп, жок жерден күнөөлөп, кайдагы курал-жарактарды айтып мени мыйзамсыз кармап, өзүңдүн кызмат абалыңдан пайдаланып жатасың. Бул үчүн өкүнөсүң. Мыйзам алдында жооп бересиң.

Эржан: -Мен күнөө кылдымбы? Мен өкүнөмбү? Сен саткан ок-куралдар жүздөгөн адамдардын өмүрүн кыйып, элди бири-бирине душман кылып жатса, сен өкүнөсүңбү же мыйзам чегинде иш жүргүзүп жаткан мен өкүнөмбү?

Эржандын ачуусу келип Камчыны уруп жиберчүдөй болуп барып зорго токтойт. Себеби Эржан ымыркай

кезинде атасы куралдуу экстремисттердин, журт бузарлардын колунан каза болгон.

***

Арлен менен Эржан Темир Айтбаевдин кабинетин тыкылдатып эшикти ачып «кирүүгө мүмкүнбү» деп уруксат сурашат.

Темир: -Мүмкүн, киргиле.

Кабинетке киргенден кийин:

Арлен: - Сизге кайрылууга уруксат этиңиз!

Темир: - Кел отургула.

Арлен: - Биз сизге бир суроо менен келдик эле.

Темир: - Айта бергиле, угуп жатам.

Арлен: - Мен бир жумага айылга ата-энеме барып келейин, уруксат бериңиз.

Темир актай кагазды Арлендин астына жылдырып, үстүнө ручканы коет:

- Макул, рапортуңду жаз да, ата-энеңе барып аларды сүйүндүрүп кел. Бизден салам айтып кой. Ата-энеден тез-тез кабар алып туруу, сыйлоо, белектерди алып баруу - ыймандуулук. Мен колдойм.

Арлен рапортун жазып бүтүп, Темирдин столунун үстүнө коюп «рахмат» деп Эржан экөө сыртка чыгып баратканда Темир Эржанга кайрылып:

- Бүгүн үйгө эртерээк бар, байкеңден кабар ал. Менин иштерим көп.

Эржан: -Макул, ата.

Экөө чыгып кетишет. Эржандын машинасына келип отурушат.Эржан Арленге кайрылып «мени сагындырып жүрө бербестен эртерээк кел» деп жылмайып койду.

Арлен: -Койчу досум, сен сагынгыдай мен кыз белем? Сен бул жакты сагынасың, -деп Фарида жашаган үй жакты жаңсап каткырып күлдү.

Колго түшкөнүн сезген Эржан күлүмсүрөп карап калганда Арлен суроо узатты:

-Айткандай, байкеңдин ден соолугу жакшыбы?



Эржан: - Акыркы күндөрү оорлошуп баратат.

Арлен: - Эмне дарыгерлерге көрсөтпөй жатасыңарбы же таасири болбой жатабы?

Эржан: -Атам экөөбүз көрсөтпөгөн жер калбады. Бирок үмүт үзбөйбүз. «Үмүтү жок бир шайтан» дейт го.

Арлен: -Эгер айып көрбөсөң, байкең эмне себептен ооруп калган?

Эржандын өңү суз тарта түштү.

-Апамдын өлүмүнөн кийин катуу кайгырып, көп ойлонгондон деп айтышты го дарыгерлер. Сени билсе керек дечүмүн. Апамдын Темир атам менен болгон турмушу экинчи турмуш. Биздин атабыз жаш кезибизде каза болгон. Ошондон улам апам азыркы атабыз Темирге турмушка чыгат. Себеби Темир атабыздын өзүнүн балдары болбоптур. Өзү да жалгыз бала экен. Атасы Айтбай кылмышкерлердин колунан каза таап, апасы багып чоңойтуптур. Бирок биз да өз атабыздай көрөбүз. Бизди эч нерседен кем кылбай окутту, тарбиялады. Ата милдетин аткарды, биз ыраазыбыз.

Арлен: -Кечирип кой, мен сени чоң атаңдын фамилиясында окшойт деп жүрүпмүн. Аяш энем аябай жакшы эле. Мен барганда эмне тамак берерин билбей күйпөлөктөп калчу.

Эржан: - Ооба, тирүү болгондо үйдө күтүп отурмак. Апамды аябай сагындым,-деп көзү жашылдана түштү.

Арлен: -Кайгырба, досум, баары жакшы болот. Кудайым тагдырыбызга эмнени жазса ошону көрөт экенбиз.

Эржан: -Бирок өзүбүздөн дагы аракет керек.

Арлен: -Туура айтасың, досум. Аракеттенип ак эмгектенбесек, чымчыкка да тең болбой калабыз го. Чымчык да өзү үчүн, үй-бүлөсү үчүн жем издейт, эмгектенет.

Эржан:- Философияңды токтот. Сени үйүнө жеткирип коеюн.

Эржан машинасын от алдырат.

Арлен: -Кой, менин өзүмдүн машинам бар,- деп Эржандын машинасынан түшүп калат.

***

Эржан үйүнө келсе Бектемир байкеси уктап жатыптыр. Ойготуп албайын деп акырын басып кийимдерин алмаштырып жатып, тапанчасын столдун үстүнө койгондо «тык» деген үн чыгып, байкеси ойгонуп кетет: «Апам келдиби, апам кана» деп Эржанга жалооруган суроолуу көздөрү менен карайт. Эржан акырын келип жанына отурат да «жок, апам келген жок, иши чыгып калыптыр, кийинчерээк келет экен. Байке, биз атам экөөбүз кесипкөй дарыгер менен сүйлөштүк. Сизди эртең ооруканага жаткырабыз».

Бектемир:-Ушул форманы мага берчи, мен да кийип милиция болоюн.

Эржан: -Макул, байке. Азыр чарчадыңыз, жатып эс алыңыз,- деп байкесинин үстүндөгү одеялды кымтылап койду. Анан телефонун алып балкон жакка чыгып бараткanda жандырылуу турган компьютердин мониторунан көчөдөгү кыймыл-аракеттер көрүнүп турганын көрөт. Себеби балкондогу жашыруун камера компьютерге туташтырылган болчу.

Балкондон көчөнү караганча фатсаптан Фаридага смс жазат: «Фарида, эртең жолугалы». Фариданын өзүнүн үйүнүн мейманканасында жука, денеси даана байкалган көйнөктү кийип отурганы телефондун мониторунан көрүнүп, ансайын сүйүүсүн арттырат.

Фаридадан «макул» деген жооп келет. Эржан «жүрөкчө» смайлик жөнөтөт.

Фарида «поцелуй» жөнөтөт.

Эржан «маймылды» жөнөтөт.

Фарида «жини келген белгини» жөнөтөт.

Эржан «күлгөндү» жөнөтөт.

Фарида «муштумду» жөнөтөт.

Эржан «жолугалы».



Фарида «макул».

Эржан агасына тамак коюп, чогуу тамактанышат. Анан агасына «бир жакка барышым керек» деп айтып коюп сыртка жөнөйт.

Болжошкон жерге келип, машинасын токтотору менен күтүп турган Фарида машинага отурат.

Эржан: -Чоң кыз, сиз менен таанышканга мүмкүнбү,- деп жылмаят.

Фарида ачууланып:- Жок, мүмкүн эмес, таанышууга сизге ким уруксат берди?

Эржан: - Кайненем…

Фарида саатына карап: -Дайыма кечигесиз.

Эржан: -Ой, эми ушуга ушунчабы?

Фарида: -Ооба, сизге. Менден да ишиңиз сүйүктүүрөкпү? Дайыныңыз жок, чалсам же албайсыз?

Эржан: -Жаным, жумушумду түшүнөсүң десем таарынып каласың да. Ошондуктан бошоорум менен сага жетип келдим.

Фарида: -Дагы эмне деп актанасыз?

Эржан: -Жумуштан бошой албай жатам.

Эржан Фариданын жүзүнөн сылап, анан мындай дейт:

- Сен үчүн бүгүн кечке бошмун.

Фарида кубанып: -Чынбы?

Эржан баш ийкегенче күлүп:

-Мен эч качан жалган айтпайм.

Фарида: -Каякка барабыз?

Эржан: -Баш оогон жакка.

Экөө бири-бирин карап күлүшөт.

Фарида:-Жүргүзүңүз машинаны, кеттик баш оогон жакка.

Эржан машинасын жүргүзүп жыларда алдынан бирөө тосо калат. Кыз чочуп кетип караса Арлен турат.

Фарида таң кала: -Арлен…

Эржан: -Арлен, сен эмне бизди аңдып жүрөсүңбү?

Арлен: -Үйүңө барбадыңбы?

Эржан: -Ооба, барып келдим. Менин «шамал» экенимди билбейсиңби?

Арлен: -Мени да кошуп алгыла, силерге кампания түзөйүн?

Фарида менен Эржан бири-бирине карап калышат.

Эржан тамашалап: -Үчүнчүсү ашыкча дейт го...

Мейли досум отур,-деп машинага отургузушуп шаарды кыдырып, бир кафеге токтошот.

Эржан алдыда орун издеп, Фарида менен Арлен артта калат.

Арлен акырын шыбырап:

-Мен да сени Эржандан кем сүйбөйм, -дейт.

Тамактанып болгондон кийин Фарида «мен үйгө эртерээк барышым керек, үйдөгүлөр кабатыр болот» деп тынчсыздана баштайт. Экөө Фариданы үйүнө чейин жеткирип коюшат.

Фарида үйүнө кирсе, апасы тамак жасап жатыптыр.

-Келдиңби кызым, жардамдашып жибер. Азыр атаң да келип калат.

Фарида:-Макул, апа. Оо, бешбармак жасап жаткан турбайсызбы?

Апасы:- Кызым, ата-бабалар бул тамакты «нарын» деген. Кийин орустарга кошулганда беш бармак менен жейт экен деп аты бешбармак болуп калыптыр. «Нарын» деп айтса туура болот.

Фарида: -Эми билип алдым. Мындан кийин «нарын» дейм.

Апасы: - Сени атаң бой жетип калды, ылайыктуу жер болсо турмушка берели деп жатат. Эржан экөөңөрдө эмне кеп?

Фарида: -Апа, мени күйөөгө бере албай эле убара окшойсуздар?

Апасы: -Жок, кызым, сенин бактыңды тилейбиз. Биз барда тынып-тынчып калсын дейбиз да. Эржанга айт, күйөө бала боло турган немеби?



Фарида:- Ооба, күйөө бала болот. Эмнеге болбойт экен...

Апасы күлөт.

Аңгыча Эржан телефон чалат. Фарида телефонун алып сыртка чыгат.

Эржан: -Кайненем урушпадыбы?

Фарида: -Калыңын даярдай берсин деди. Рахмат убагында жеткиргениңе. Жолукканга чейин,- дейт да телефондон чоп деп өөп коет. Ошондой эле үн Фариданын телефонунан да жаңырды.

***

Агасы Бектемир үйдө отура берип зерикkendиктен продукты алып келем деп жөнөп жаткан Эржанга мен да сени менен бирге барам деп экөө чогуу барып маркеттен продуктыларды алып жаткандаЭржандын эсине Фарида түшүп, ага коңгуроо кылды.

Эржан: -Алло, чоң кыз, кандайсың?

Фарида: -Жакшы. Бүгүн дем алыш окшойт. Чалып калыптырсыз.

Эржан: -Такыр эле чалбай койгондой сүйлөйсүң да.

Фарида: -Жөн-жай эле чалдыңызбы?

Эржан: -Фари, жолукпайлыбы? Тойду чече турган деле күн келип калды.

Фарида ойлонуп туруп: - Эрте эмеспи? Мен жашмын да. Апам эмне дейт экен?

Бектемир түртүп бараткан коляскасын жыгып алып, алган продуктылары жерге чачылып кетет.

Эржан жүгүрүп келип:

-Ээ байке, мунун баарын эмне кылабыз? -деп чачылган продуктыларды кайра коляскага сала баштайт.

Фарида: -Каякта жүрөсүз?

Эржан: -Соода кылганы келгенбиз байкем экөөбүз.

Байкесине карап: -Мунун баары бизге көп эмеспи.

Бектемир: -Мен мунун баарынан силерге өзүм тамак жасап берем.

Фарида:-Эмне болду?

Эржан:-Байкем продуктынын баарын алып кетебиз дейт. Кийин сүйлөшөлүчү, түшүндүң да…

Фарида:-Макул.

Эржан продукты салынган колясканы өзү түртүп жөнөйт.

***

Темир кабинетинде Камчыны суракка алууда.

Темир: -Мыйзамда көрсөтүлгөндөй эгерде сен өз каалооң менен чын көрсөтмөлөрдү берип тергөөгө жардамдашсаң, сага жеңилдиктер болот. Антпесең көбүрөөк мөөнөткө кесилип кетишиң мүмкүн. Элге-журтка жек көрүндү болосуң. Силерден сатып алган ок-куралдар менен кылмышкерлер элдин тынчын алат. Өмүр бою өзүңүн ата-энеңе, тууган-уругуңа наалат, балдарыңа каргыш калтырасың. Эгерде сен чындыкты айтсаң, биз деле колдон келген жардамды мыйзам чегинде беребиз. Бирок эскертип коеюн, бизде жеткиликтүү далилдер, видеотасмалар бар. Эртеби-кечпи далилдеп, соттук кароого жөнөтөбүз. Бардыгын өзүң көрдүң, түшүндүң деп ойлойм. Эмне дейсиң,- деп Камчыга суроолуу көз менен карайт.

Камчыга Темирдин айткан сөздөрү таасир эттиби, же далил материалдар жетиштүү экенине көзү жеттиби, кылган кылмышын мойнуна алып, түшүнүк кат жазып, этегине «өз колум менен жаздым, бардыгы туура» деп кол коюп жеңилдегендей болуп калат. Анан Темирге «мүмкүн болсо мага намаз китеп менен бир дептер, ручка бердирсеңиз, мен кечке камерада бекер отурбай намаз үйрөнөйүн». Темир өзүнүн столунун суурмасынан кичине намаз китепчесин алып, ага бир тетрадь менен ручканы кошуп берет.

Темирдин чакыруусу менен келген нөөмөтчү (дежурный) Камчыны убактылуу кармоочу жайга алып кетет.



Темир бир иштин аягына чыгып кылмышкердин туура көрсөтмө берип оңолуп бараткнына жана камерадагы тынчынын жемиштүү иштегенине ыраазы болот.

Дежурный телефондон: -Генерал сизди өзүнө чакырып жатат.

Темир дароо уюшулган кылмышкерлердин иши боюнча жыйналган документтерди генералга алып кирсе, ал жерде Абай, башкармалыктан ардактуу эс алууга чыккан ардагер, Шайырбек жана бир топ адамдар телевизор көрүп отурат. Темир генералга карап боюн түздөп:

-Сиздин буйругуңуз боюнча келдим.

Генерал: -Куттуктайм! Оперативдик иш чараңар мыкты өтүптүр. Элде резонанс жаралып, мага элден, Өкмөттөн да ыраазычылык билдиришти.

Темир: - Эл үчүн дайым кызмат кылабыз. Бул биздин жумуш. Эске алганыңызга сизге чоң рахмат!

Абай: - Рахмат, досум. Мен да жигиттерге Темирден үлгү алгыла деп айтып жатам.

Темир: - Өтө көкөлөтүп жиберипсиң го, рахмат.

Ардагер полковник: - Азаматсыңар. Азыр эле телевизордон көрдүк. Уюшулган кылмыштуу топту кармапсыңар. Темир жарайсың. «Агентурист» деген лакап атыңды дагы бир жолу далилдедиң.

Мамлекеттин көзү, кулагы, билеги, керек болсо жытты билген мурду да биз - милиция кызматкерлери. Дайыма жалпы эл менен, коомчулук менен тыгыз байланышта болуп мыйзамдын чегинде ак ниет иштеп, ыймандуулук менен адилет чечимдерди чыгарып, сабырдуу болсок, кылмышка бөгөт кое алабыз. Эл бизди өзү колдойт. Ким кылмышкер, ким таза, ким бузуку эл билет. Мына силердин уюшкан кылмышкерлерди колго түшүрүп, эл алдында ашкерелегениңердин өзү эле коомчулукту кубандырып, резонанс жаратып милициянын аброюн көтөрөт. Бирок кылмышкерлерди ушул

даражага жеткирбей, алдын алып ооздуктап турсак мындан да жакшы болмок. Эми топтун калган мүчөлөрүн, өзгөчө курал-жарактарды табуу керек. Тынчылар менен иш алып барууну жандандыргыла. Биз деле ардагерлер жардам берүүгө жарайбыз.

Темир: - Туура. Сиз айткандай алдын алуу иштерин, агентура менен иштөөнү күчөтөбүз.

Абай сөзгө аралашып:

-Кандай, үй-бүлөң жакшыбы? Бул кылмышты ачууда Эржандын эмгеги өзгөчө дейт. Ошондуктан айырмаланган кызматкерлерди сыйлыкка көрсөтсөк кандай болот?-деп генералга бурулду.

Генерал: - Жарайт. Сунуштарды даярдагыла. Абай сен да жардам бер. Темир, сен бара берсең болот.

Темир ыраазы болуп сыртка чыкканда Абай анын артынан чыгып:

-Кандайсың, дос?

Темир: -Жакшы досум, тынччылыкпы?

Абай: -Тынччылык, досум. Бирок сага бир сураныычым бар. Жок дебесең керек.

Темир:-Айта бер, досум. Колдон келген жардамымды сенден аянбайм.

Абай:-Аа балли, бул иш сенин гана колунан келерин билгем, досум.

Темир:-Угуп жатам, айт досум…

Абай:-Сөздү эмнеден баштасам экен...

(ойлонуп туруп): -Кыскасы мындай дос, сен сурак кылып жаткан Камчыны бошотуп, эртеңки аткарыла турган операцияга көз жумуу керек. Сенде деле бала-чака бар да, -деп бир пачка акчаны сунат.

Мындайды күтпөгөн Темир ойлонуп туруп:

-Түшүнбөдүм, генералга убада бербедикпи. Өзүң да колдодуң. Алар сенин кимиң болот?

Абай: -Бул ишти менден бир уяттуу адам суранды. Жогору жактан. Убагында ал да мага жардам берген, досум. Темир, ушул ишти бүтүрүп бер?



Темир:- Абай, туура келбейт. Мыйзам алдында баары бирдей. Жогорубу, ылдыйбы, айырмасы жок. Кылмышкер күнөөсү үчүн эл алдында жооп бериши керек, билесиң да.

Абай: - Демек мага жардам бере албайсыңбы?

Темир: - Кандайча сага жардам берем, чыккынчылык, кылмыштуу жол мененби? Сен жаңылышып жатасың, досум.

Абай: - Жаш кезден бирге иштеп келе жатабыз. Мен сенден, сенин үй-бүлөңдөн эч качан жардам аяган эмесмин. Ойлон, бекерге эмес.

Темир:- Жардамыңды билем, рахмат. Бирок сага бул иште жардам бере албайм. Билесиң, бул кылмыш.

Абай ачууланып: - Темир, азыр баарын акча чечет. Же сенин акчаң, досторуң көбөйүп калдыбы? Бизсиз деле чече тургандар бар. Кайра өзүң уят болуп, керек болсо Камчыны урду-кордоду деп күнөөкөр болуп калышың да мүмкүн, ойлон. Биздин милицияны ким коргойт?

Темир: - Акчаны мен мээнетим менен таап келгем. Арам жол менен эмес. Кимдерге аралашып калганыңды билбейм. Акылың барда этегиңди жый. Адилеттүүлүктү, мыйзамды, ыйманды акчага алмаштырба. Аброюңду сакта. Эч болбосо милициянын, форманын аброюн сактабайсыңбы?

Темир машинасына отуруп айдап кетет.

Абай анын артынан карап: «Мага окшоп ак жерден камалганыңда билет элең жогору жак менен кандай сүйлөшүүнү» .

***

Темир жолдон машинасын буруп кайтат да Эржандын кабинетине ойлуу кирип келет.

Эржан «келиңиз ата, отуруңуз» деп тура калат.

Темир жайланышып болгон соң, «отур, балам» деп сөз баштайт: -Байкенди бүгүн клиникага алып бардым.

Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана ИНВ № 481 898



Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана АБОНЕМЕНТ

Дарыгерлер «кээ бир анализдерин чыгарып көрөлү, Кудай шыпаасын берсе айыгып кетүүгө үмүт бар» дешти.

Эржан: - Чын элеби, жакшы го.

Темир: - Ооба, балам. Акыркы учурда душмандарым көбөйүп жатат. Сен өзүңө сак бол.

Эржан: - Макул, ата. Тынччылыкпы?

Темир: - Уюшулган кылмыштуу топторду өзүң деле жакшы билесиң. Биз дайым алар менен күрөшөбүз. Ошон үчүн сак болуу керек. Мен үйгө бара берейин. Сен эртеңки операцияга даярдык көр.

Эржан: - Жарайт.

Сыртка чыкса аны ишенимдүү адамы жолдун бурулушунда күтүп туруптур. Ага жете келип:

-Азыркы убактан баштап Абайдын эмне жумуштарды жасап жүргөнүн, кимдер менен жолугушканын, кайда болгонун баарын көзөмөлгө аласың жана ийнежибине чейин мага билдирип тур.

Ишенимдүү адам: - Түшүндүм, аткарылат.

Темир: - Азыр базар экономикасы өнүккөн сайын акча үчүн жакын адамдарың да душманга айланышууда. Этият бол, -деп машинасын айдап жөнөп кетет.

***

Түнү Эржандын үйүнө Каразак машинасын акырын айдап келет.

Каразак шеригине карап: - Даярсыңбы? Бардыгын тез жана кынтыксыз бүткөрүш керек, кеттик.

Алар үйдүн коргонунан жеңил гана ашып түшүп, үйдүн эшигине жакындашат.

Каразак: -Чүш, бул үйдө милициялар жашашын унутпа!

Өтө так, тез, из калтырбай жумуштарыбызды аткарышыбыз керек. Булар биздин келишибизди сезиши да мүмкүн.

Шериги: -Түшүндүм.



Экөө эшиктен киргенде Темир ойгонуп ордунан турат. Адамдардын баскан кадамдары угулат. Темир өзү дайым жатчу жерди адам жаткандай кылып коюп, далдоого бекинет.

Каразактын шериги бөлмөгө кирип, диванда адам жаткандай болгон одеалды ачканда Темир акырын келип тапанчанын арты менен уруп жиберет. Аны көргөн Каразак Темирди бир нече жолу атат. Темир кичине катып туруп жыгылат.

Эч нерседен кабары жок Эржан үйүнө келсе, атасынын машинасы турганын көрөт. Эшикти ачып «ата» деп кыйкырат, бирок жооп жок. Үйдүн ичиндеги буюмдар чачылып жатат. Үйдө бир нерсе болгонун сезген Эржан уктоочу бөлмөгө кирип барса, атасынын канга боелгон денеси полдо жатат. Эржан бир алдын өзүн жоготуп барып, атасын ошол уюшулган кылмышкерлердин тобу өлтүргөнүн туят. Эмне кылаарын билбей ыйлап айласыз тышка чыгып милицияны чакырат.

Эртеси Темирдин жасатын, экспертиза бүткөндөн кийин бешим намазы окулган соң, жаназа окулуп, ардактуу караулдун катышуусунда өмүр баяны элге тааныштырылып асманга автомат менен октор атылып, жайга коюлду. Адамдар жайдан куран окуп кайтканда Арлен, Санжар, Эржан үчөө чогуу отуруп, Эржан суроо узатат:

-Кантип, ким, эмне үчүн өлтүрдү?

Санжар:- Сен шашпа. Бул иштин артында ким турса да мыйзам астында жооп берет. Сөз берем, Аллах акыйкатты колдойт.

Элдер куран окулгандан кийин жайдан кайтышкан учурда Арлен Эржандын жанына басып келип:

-Сабырдуу бол, досум! Шашып өзүңдү ачууга кайгыга алдырып койбо, өзүңдү бекем карма. Аллах аяш атамды бейиши кылсын,-деп далысынан таптап басып кетет.

***

Каразак Абайдын машинасынын ичинде отурат. Абай: -Кыскасы бул калган акча. Тигини (Эржан жакты ишарат кылып) менин көзүмө көрсөтпө.

Каразак: -Жакшы. Жумушту сиз айткандай үйүндө бүтүрөбүз,-деп машинадан түшүп өзүнүн машинасына отуруп кетет.

Санжар далдоодо туруп баарын күзөтүп, Эржандын тапшырмасы боюнча сүрөткө тартып алат.

Эржан атасын жайга койгон түнү байкесин ооруканадан алып келгени машинасы менен барат.

Бектемир: - Сен эмне мага келбей койдуң? Мен абдан зериктим.

Эржан агасын машинасына салып, үйүнө келип киргенде Бектемир «атам кайда, эмне сүйлөбөйсүң?» дейт.

Эржан үн катпастан агасын үйгө алып кирип креслого отургузуп, эки колунан кармап «атабыз алыска учуп кетти» деди. Бектемир «алыска?..» деп ойлонуп калат.

Экөө тамактанып болуп Эржан компьютердеги видеокамера тарткан тасмаларды карай баштайт. Камерадан машина келип токтогонун көрөт. Бир аздан кийин машина акырын жылып өтүп кетет. Машинаны кайра-кайра жакындатып көрөт да, тааныш машина экенин билип, ойлонуп отуруп калат.

Эржан принтерден түндө көргөн машинанын сүрөттөрүн чыгарат. Пакетке салып чыгып, Санжардын кабинетине сүрөттөрдү көрсөткөнү кирсе, Санжар начальнигине кирип кеткен болот.

Басып келип столдун үстүндөгү сүрөткө көзү түшөт. Ал сүрөттөрдө Санжар Абайдын бейтааныш адам менен машинанын ичинде олтурганын тарткан. Санжар тарткан сүрөттөгү машинаны өзүндөгү сүрөттөр менен салыштырып, машинаны окшоштуруп Абайдын ал



иштерде тиешеси бар экенин билип, атайын тактамакка Абайга кирет.

Эржан: - Кандайсыз, аяш ата, жакшысызбы?

Абай: - Жакшы, кел отур.

Эржан: - (сүрөттү столдун үстүнөн Абайга түртүп) Атам өлгөн күнү ушул машина үйгө келген. Бул машина тууралуу сизде маалымат жокпу,- дегенде Абай сүрөттөрдү карап туруп Эржандын көзүнө карайт.

Эржан: - Сизге тааныш эмеспи?

Абай: - Жок, таанбайм.

Эржан макул анда деп чыгып кеткенде, Абай ойлонуп отуруп Каразакка чалат.

Каразак: - Угуп жатам.

Абай: - Кыскасы иш таза бүтпөптүр, баласын да тездик менен жок кылыш керек!

Каразак: - Түшүндүм!

***

Кечинде Эржан Арлендин үйүнө барат. Эржан машиненин сүрөттөрүн столго коет.

Эржан: - Арлен, атам өлгөн күнү ушул машина үйгө келген экен. Бул снимок камерадан. Мен бүгүн Санжар байкенин кабинетине кирсем, ушул машине менен Абай, анан дагы бир кишинин оперативный сүрөттөрү жатыптыр.

Эржан менен Арлен ошол түнү кантип бул кылмышкерлердин бетин ачуу тууралуу план түзүшөт.

***

Абай жалдаган 2 киллер машинадан түшүп Эржан жашаган үйдүн терезесиндеги формачан караанды көрүшөт.

- Үйүндө экен, кеттик.

Алар Эржандын үйүнүн ичине кирип келгенде Бектемир Эржандын формасын кийип алып өзүнө суктанып отурган болчу. Киллерлер кирип эле

Бектемирдин артынан байкатпай келип мойнуна сыйыртмакты сала коюшуп муунтуп өлтүрүшөт. Качан дем алуусу токтоп, башы бир жагына шылк дегенде сыйыртмак салган жипти мойнунан алышып, бир азга карап турушуп, бир тамчы көз жашы чыккандан кийин диванга акырын алып барып уктап жаткандай кылып жаткырышып, ачык калган көзүн бир карап коюп чыгып кетишет.

***

Эржан эртең менен үйүнө келсе Бектемир формачан уктап жатыптыр. Агасынын форма кийгенине кубанып:

- Эх байке, форманы акыры кийипсиз да, -деп үстүңкү кийимин чечип алмаштырып жатканда көзү ачык жаткандыгын байкап, көзү неге ирмелбейт деп караса мойнунда жиптин изин көрөт. Кармаса денеси муздак. Эржан эмне кылаарын билбей милицияга звонок кылат.

Санжар баштаган оперативдик топ, тез жардам машинасы менен дароо тез эле келип калышты. Эржан үйүнүн алдынан көздөрү жаш болуп аларды тосуп алат.

Санжар: - Экспертиза жасап жыйынтыгын мага бергиле! - дейт да Эржанды акырын тургузуп эшикке чыгарып кетет.

Санжар: - Ким деп ойлойсуң?

Эржан: - Абай (чөнтөгүнөн сүрөттү чыгарып Санжарга көрсөтүп). Атам өлгөн күнү ушул машина үйгө келген.

Санжар сүрөттү көрөт да, анан Эржанга карап:

- Сен жумушка да барба, өмүрүң коркунучта. Агаңдын сөөгү экспертизадан чыкканда мен билдирем. Ошондо зыйнатын кылабыз. Экөөбүз байланышта бололу. Азырынча жашын. Жашына турган жер барбы?

Эржан: - Ооба.

Санжар: - Мен муну кармайм! ( сыртка чыгып кетет)

Эржан өзүнө-өзү: - Мен атам, агам үчүн булардан өч алам. Эл алдында анык жүзүн ашкерелейм!



Тез жардам машинасы. Медкызматкерлер Бектемир байкесинин сөөгүн көтөрүп чыгып машинага жүктөшөт. Машина жөнөп кетет.

Эржан үйдөн чыгып кайда барарын ойлонуп эшиктерди жаап машинасына отуруп убактылуу батир алуу үчүн жөнөп кетет.

***

Абайдын кабинетине орун басары кирип келип:

- Кечээ кечинде Темирдин жинди баласын өлтүрүп кетишиптир.

Абай Бектемирди адашып өлтүрүп алышканы үчүн ачууланып ордунан кантип турганын өзү да билбей калды.

Абай: -Көк мээлер! (ойлонуп туруп) Эржан каякта?

Орун басары: - Билбейбиз…

Абай: - Тезинен тапкыла!

Орун басары: - Арлен аркылуу гана таба алабыз!

Абай: - Ошону колго ал, тездеткиле!

Орун басары: - Түшүндүм (чыгып кетет).

Абай сөгүнгөн бойдон «акмак» деп туруп телефондон Каразак деген контактты таап чалат.

***

Арленге белгисиз бирөө телефон чалып «тезинен кел, жолугушалы, баалуу маалымат бар» дейт. Шаардын ичиндеги айткан дарекке Арлен машинасы менен келип токтоору менен телефонуна дагы ошол номерден коңгуроо келди.

Арлен: - Алло, мен келдим (трубканы койгондо бет маңдайдагы кафедеги айнектен бейтааныш адам карайт). Чыгып машинасына, жанындагы орундукка отурат.

- Ассалоому алейкум.

Арлен: - Ваалейкуму ассалам (тиги кишини таң калып карайт).

Бейтааныш адам: - Кандай, иштер жакшыбы?

Арлен тигини тааный албай буйдала түшөт. Бейтааныш адам колунда кармап турган пакетти акырын арткы орундукка коюп өзү машинадан чыга калып качып жөнөйт.

Арлен машинадан чыгып бейтаанышты куумак болгондо 5 адам, алардын ичинде милиция формасындагы бир кызматкер да бар, жете келип камера менен тарта баштап, милициянын: -Карма, кармагыла! Машинанын эшигин ачтырбагыла,- деген буйругу боюнча тигилер Арлендин колун кайрый башташат.

Арлен: - Ээ, бул меники эмес!-деп пакет жакты көрсөттү.

Милиция: -Машина сеникиби?

Арлен: - Ооба, меники.

Милиция: - Анда бул (пакетти көрсөтүп) өзү эле келип түшүп калдыбы машинаңа? Эмнеге коркосуң? Тарткыла баарын толугу менен!

Камера кармап турган кызматкерге буйрук берет.

Арлен: - Ээ, бул меники эмес, меники эмес! Көрдүңөр го, азыр менин машинама отурган киши таштап коюп качты.

Милиция: - Ооба шеригиң бизди көрө коюп качты. Сен машинага жат кишини олтургузбайсың. Аны эми сен таап бересиң. Отделге барганда сүйлөшөбүз!

***

Шаардын ичи. Фарида телефонун кармап тротуарда басып баратат, негедир ачууланып алган. Аңгыча Эржан чалып калат. Фарида трубканы алат.

- Эржан, эмнелер болуп жатат?

Эржан: -Уксаң керек. Ушундай балакеттер болуп жатат.

Фарида: -Каяктасыз, 2 күндөн бери жоксуз го (машинасына отурат).

Эржан: - Мен алыс жактамын.

Фарида: - Айтыңыз, мен барам!



Эржан: - Сен келгенге болбойт.

Фарида: - Адрести айтыңыз, мен барам.

Эржан ойлонуп туруп: - Азыр смс жазам…

Фарида: - Ал жакты дагы ким билет?

Эржан: - Арлен.

Фарида тезинен адрести жазыңыз деди да смсти күтүп калды. Смс келди, кыз смсти окуп туруп машинаны айдап жөнөдү.

***

Офис. Абайдын кабинетине Арленди колундагы кишен менен Абайдын жардамчысы алып келип отургузду.

Абай: - Ыым, наркобарон! 5 жылга кесилесиң!

Арлен: - Бул меники эмес! Билесиз, мен мындай ишке барбайм. Мени подставить этишти!

Абай: - Анда камерага тартылган видео көрсөтүп берет кимдики экенин…

Арлен унчукпай туруп калат.

Абай: - 5 жылга камаласың же бир ишти аткарасың…

Арлен унчукпай отурат.

Абай: - Эржандын дарегин айтасың.

Арлен: - Анда мен таптап билейин.

Абай: - 2 саат убакыт!

Абайдын орун басары Арлендин колундагы кишенди чечип 2 саат убактың бар деп мыскылдайт.

***

Арлен машинасы менен Эржан айткан шаардын четиндеги бир үйгө келсе, үйдүн алдында 2 машина токтоп турат.

Эржан менен Фариданын урушуп жаткан үндөрү форточкадан даана угулуп, өздөрү айнектен көрүнүп турду.

Фарида: - Мен бактылуулукта жашагым келет.

Эржан: - Ким аны каалабайт.

Ушул маалда эшиктен Арлен кирип келет.

Фарида: - Силер үй-бүлөңөр менен жакшы жумуш жасабайт окшойсуңар, ошон үчүн ушундай окуялар болуп жатат!

Эржан: - Сен менин үй-бүлөм жөнүндө жаман сөз айтууга акың жок! Сен эч нерсени түшүнбөйсүң, уктуңбу!

Эржан Фариданы урмак болуп колун көтөргөндө Арлен колунан кармап калат.

Арлен: - Эркек киши кызга кол көтөрбөйт жана Фарида андай мамилеге татыктуу эмес!

Эржан: - Эмне? Сен эмне болуп жатканын билбегенден кийин оозуңду жап!

Эржан Арленди уруп жиберет.

Арлен: - Фариданы мен да жакшы көрөм. Керек болсо мен сени куткарганы келгем. Сенин артыңдан Абайдын адамдары, уюшулган кылмышкерлер өлтүргөнү жүрөт. Менден сенин жашырынган жериңди таап берүүнү талап кылышып жатат.

Эржан: - Мени куткарбай эле кой, уктуңбу. Жогол көзүмө көрүнбөй!

Фарида ыйлаган бойдон чыгып машинасына отуруп кетип калат. Анын артынан Арлен да чыгып кетет. Эржандын өзүнө кол көтөргөнүнө ызаланып, кыжырданат. Машинасына отуруп ал да жөнөп кетет. Эржан ошол жерде жалгыз калганына ызааланып болгон үнү менен бугу чыкканча кыйкырып ыйлайт.

Арлен арыраак барып машинасын токтотуп смс менен Эржан бекинген даректи эмес, башка даректи жазып жиберет. Өзү да качуунун жолун издеп, белгисиз жакка карай машинасын айдап жөнөйт.

Бирок Арлендин артынан коюлган тыңчыларга Эржандын кайда экени белгилүү болуп калат.

***



Каразак машинасы менен акырын Эржан бекинген үйгө келип токтойт. Рулда отуруп колундагы тапанчаны октоп шашпай машинадан түшүп акырын үйгө келет. Эшиктен киргенде эле Арлендин айтуусунан улам Эржан алыс жерден тапанчасы менен күзөтүп турат. Каразак үйгө кирип баарын карап чыгат. Бир кыйла убакыттан кийин Эржан Каразактын колуна атат. Каразак колунан жаракат алып бакырганда Эржан ошол жерден тизесине атат. Шашпай Каразактын жанына келип буттарына атат. Аңгыча Каразакка звонок келет. Эржан Каразактын чөнтөгүнөн анын телефонун алат.

Абай: - Өлтүрдүңбү?

Эржан:- Өлтүрдүм.

Абай телефондогу добуш Каразактыкы эмес, Эржан экенин байкап калат.

Абай: - Эржан, мен сага жашооңду берейин. Сен өзүңдүн жашооң менен жаша. Мен өзүмдүн жашоом менен жашайын.

Эржан: - Жашоону мага кудай берет сен эмес, бирок атам үчүн, байкем үчүн мен сенин бетиңди ачам. Сенин ким экендигиңди эл алдында ашкерелейм. Бардык кылган кылмыштарың үчүн эл алдында жооп бересиң.

Абай: -Мен бул окуяга аралашканымды түшүндүрүп берейин. Атаңа айтсам түшүнгүсү келген жок. Аргасыздан ушул ишке бардым.

Мен сендей жаш кезимде мас бирөөнү машина менен урдуруп кеткем. Аны өзүм машинага салып ооруканага алып бардым. Дарыгерлер тездик менен жардам көрсөтүштү, бирок ал өзүнүн оорусунан улам каза болуп калды. Көргөн күбөлөр дагы мени күнөөлүү эмес дегенине карабай санкцияга алып барганда прокурор Ташмат Абакиров мага «абакка жаткырып түрмөгө кестирип жиберем, эгер мен айтканга макул болсоң сени актайбыз да жумушунда иштей бересиң» деди.

Мен жаңыдан гана үйлөнүп, кыздуу болгон элем. Прокурордун «эгерде сен камалсаң, жаш аялың, ымыркай

кызың эмне болорун элестет, турмушта кыйналышат. Сенден өч алам деген кылмышкерлер аларды ар түрдүү туура эмес жолдорго да түртүшү мүмкүн. Сенин деле турмушуңду билем. Ата-энең Россияга кетип ошол жакта калып калышкан. Сени менен иши деле жок. Чоң атаңды өзүң жерге бердиң. Ойлонуп көр менин айтканымды» деген сөзү эсимден чыкпай туруп алды. Экинчи жолу санкцияга алып барганда тергөөчүгө прокурор менен мени жалгыз калтырууну өтүндүм. Прокурор макулдугун билдирип, тергөөчүгө жана нөөмөтчү милицияларга кабылдамада күтүп турууну буюрду. Ошентип прокурор мага өзүнө тиешелүү жеке иштерде кызматташып турууну түшүндүрүп, калганын убакыт көрсөтөт деп макулдугумду алды. Андан кийин тергөөчүнү чакырып, тергөөнүн иш материалдары менен таанышкандыгын, менин аракетимде кылмыш иши жоктугун, эксперттер дагы мен канча аракет кылганда да жабырлануучуну уруп кетүүнү токтото албай тургандыгымды, жабырлануучу өзүнүн өнөкөт оорусунан каза болгондугун жана башка жагдайларды эске алып кылмыш ишин жабууну сунуштады. Ошентип кылмыш иши жабылып, мен өз ордума-милицияга кайттым. Прокурор кээ-кээде чакырып, майда-чүйдө иштерди каттабай эле жаап коюуну суранчу. Мен дароо жаап салчумун. Кээде менин колуман келбеген иштерди прокурор өзү же сот аркылуу жаап салчу. Ак жерден абакка түшкөндөр да болду. Бул деле ушул окуялардын бирөөсү. Балээнин баары атаң курал-жарак сатышкан уюшулган кылмыштуу топту агентуралык маалыматтардын негизинде иликтеп Камчыны кармап, калган кылмыштуу чөйрөнүн мүчөлөрүн ооздуктоодон башталган. Бул чөйрөнүн башында турган адамдар депутаттардын жакын адамдары экен. Ошондуктан депутаттар баягы мен айткан прокурордон азыркы соттон бул ишти тезинен жабууга көмөктөшүүнү өтүнөт. Атаңа айтсам көнбөй койду. Жогору жактагылар соттон кандай да болсо бул кылмышка тиешелүү кишилерди



жоопкерчиликтен куткарууну талап кылышат. Эгерде куткара албаса сотту да, мени да, атаңды да жазалоону буюрат. Ошентип аргасыздан өзүмдүн досум -сенин атаңдын аркасынан түштүм. Калганын өзүң билесиң. Мени алдын алууга аракет кылдым, атаң көнбөй койду. Мени кечире алсаң кечир, мен корккоктук кылдым. Үй-бүлөмдү жоготуп алуудан корктум...

Эржан: - Сен өзүңдүн кызыкчылыгың үчүн чыккынчылык жол менен менин атамдын, агамдын өмүрүн алдың. Силер көмөктөшүп сатылган ок-куралдарды колдонуп канчалаган адамдардын өмүрү кыйылган,- деди да телефонду өчүрдү.

Анан жерде жаткан Каразакты жакын жердеги чуңкурга сүйрөп алып барып, «сага окшогондор ушул жерден бактысын табат» деп түртүп жиберип, ошол жердеги бетон тирөөчтөр менен чуңкурду Каразак чыга албагандай кылып жаап таштады. Каразактын телефонунан милицияга, прокуратурага, СНБнын нөөмөт бөлүмдөрүнө смс жөнөтүп акырында Абайга да маалымат жазды.

***

Эртең менен жумушка келген Абай телефонун бир карап алып, шашкан бойдон коридордогу кесиптештери менен да саламдашпай кабинетине кирип кетти. Ошол учурда орун басары кирип келди. Абай телефондогу адрести ага көрсөтүп, «мынабу даректе Каразакты өлтүрүшүптүр, тревога жарыяла, тапканда мага айтасыңар» деди.

Орун басары нөөмөтканага кирип жалпы тревога (айгай) жарыялап, курал-жарак сатып жаткан жеринде Каразак өлтүрүлгөндүгүн, кылмыш дүйнөсүндө өз ара келишпестик болуп курал-жарактарды алып кеткендигин айтты.

***

Фарида үйүндө отуруп, телевизордон Эржанды издөө боюнча иш башталганын көрдү.

Эржан өзүнүн машинасында жүрүү кооптуу экенин сезип, жолдо бир аксакал эски маркадагы машинасын жууп жатканын көрүп токтоп салам айты. Аксакал алик алган соң Эржан машинасын көрсөтүп:

- Машинам канча турат?

Аксакал: - Машинаң кымбат машина турбайбы, мага жагат.

Эржан: - А мен классикалык машиналарды жакшы көрөм.

Аксакал: - Эмне демекчисиң?

Эржан: - Алмашпайлыбы?

Аксакал: - Ачкычты ачкычка алмаштырсак мейли.

Эржан: - Макул, колду бериңиз.

Ошентип өзүнүн машинасынын документтерин аксакалга берип «айдап көрүп, жакса телефон кыласыз, өткөрүп аласыз» деп анын машинасына отуруп техпаспортун алып айдап кетти. Шаардын четинде бара жатканда МАИнин кызматкерлери тосту. Эржан машинаны акырын айдап келип токтотту.

МАИ кызматкери честь берип, машинанын документтерин сурады. Анан өзүнүн машинасындагы фотороботко Эржандын айдоочулук күбөлүгүндөгү сүрөттү салыштырып көрүп, рациядан кылмышка шектүү Сарыбаев Эржан аныкталгандыгын өздөрүнүн турган постун айты. Эржанды кармоо боюнча билдирүү бардык посттор боюнча таркатылды. Анын айтканын угуп калган Эржан машинасын айдап качып келе жатканда бензин түгөнгөндүктөн машинадан түшө качты. Абайдын орун басары шериги менен кубалап жетип Эржан менен алыша кетет. Ошол учурда Абайдын орун басары тапанчасын мээлеп «токто, кыймылдаба» деген команда берет да дароо Абайга чалып «кармадым» дейт.

Абай: - Алып келе бер.



Алар Эржанды машинага салып, кылмышкерлер ок-дары сатып жаткан эски имаратка алып келишти. Кылмышкерлер ок-куралдарды атайын яшиктерге салып жатышты. Абай көрүнбөй терезеден бардыгынын кыймыл-аракетин көзөмөлдөп турду…

Колуна кишен салынган Эржанды алып келгенин көрүп, Абай сыртка чыкты. Эржанды машинадан түшүрүшүп столго отургузушту. Эржан өзүнөн анча алыс эмес жерде 2 кылмышкер Фаридага тийишип жатканын көрдү. Абай Эржанга жакын басып келип, «Ай-ай-ай, сен мени менен каршылашайын дедиңби, менин жолума тоскоол болгон киши дайыма жеңилет. Мен сага мисал айтайын, бирөө сенин атаң, -деп бетке чаап жиберет. 2 кылмышкерге «катуу көзөмөлдөгүлө» деп коюп, өзүнүн орун басары менен ок-дары сатып жаткан кылмышкерлерди көздөй кетет. Кылмышкерлердин бири «мен да барайынчы» деп алардын артынан жөнөйт. Ал чыгып кетери менен Эржан олтурган столу менен кароол койгон кылмышкерди жаткыра чаап андан ачкычты алып өзүнүн кишенин чечип жатканда, Фаридага тийишип жаткан кылмышкер байкап калып, тапанчасын алып Эржанды атмакчы болгондо, кыз аны тээп жиберет. Ага чейин Эржан да жете келип кылмышкерди жыгып, үстүндө уруп колундагы тапанчаны алганы жатканда Абай сырттан коштоочулары менен кирип Эржан талашып жаткан тапанчаны кылмышкерлердин бирөөсү Эржандын ээсин оодара коюп тапанчаны алып койду. Эржан эсине келгенде Абай анын көкүрөгүнө бутун коюп «сен жигит жашоону такыр түшүнбөйт окшойсуң. Көрдүңбү мен бул кишилердин баарына нан таап берем. Сен атаң экөөңөр мага кошулганда керемет жомоктогудай жашайт болчусуңар. Болбой калды эми. Экөөбүз коштошор кез келди» деп тапанчасын такаганда, эшиктен Санжар спецназдар менен кирип келишет. Абай алардын бирине ок атат. Ок атуу башталып, спецназдагылар ок-дарыны сатууга даярдап жаткан кылмышкер-

лер автоматтарды алмакчы болгондо аларды көздөй ок жаадырып, жарадар кылышат. Кылмышкерлердин бири айнектен секирип качат. Эржан менен Арлен аны kууп жетип кармашат. Санжар кылмышкерлерди көрсөтүп:

-Буларды алып кеткиле, -деген буйрук берди.

Спецназдагылар Эржан менен Фаридадан башкасынын баарынын колуна кишен салышат. Эржан келип кыздын байлануу колун бошотот. Санжар Эржандын жанына келип колун берип:

-Азаматсың, баары пландагыдай жумуш болду. Антпесек болмок эмес. Биздин тыңчы Абайдын артынан мыкты иштеди.

Эржан: - Мен азыр келем.

Эржан спецназ алып бараткан Абайдын бетине түкүрүп: - Мен сени үй-бүлөм үчүн жөн койбоймун. Мыйзам алдында жооп бересиң.

Санжар Абайга карап: - Ачык сүйлөшөлү, сиз милицияга киргенде үстүңүздөгү форманы чыккынчылык, акча табуу үчүн кийдиңиз беле? Ак дилден иштейм деп ант бергенсиз го. Эми сизди ант урат.

Абай үнсүз мелтиреп жер карайт.

Санжар: - Эми сизди эл соттойт.

Абай: - Биз кайра көрүшөбүз.

Санжар: - Алып кеткиле.

***

Министр келет экен деп шаардын тартиби катуу көзөмөлгө алынып, ички иштер башкармалыгында да тартип күчөтүлүп трибуна жасалгаланды. Саат 9-00 гө министр да келип калды. Аны башкармалыктын жетекчилери коштоп, ММК кызматкерлери камералар менен тосуп алышып интервьюларды алып жатты. Журналисттер Эржан менен Арленден да интервью алышты. Трибунага чыккан министр «биз - күч органдары, өзгөчө ички иштер кызматкерлери, элдин коопсуздугу, тынчтыгы үчүн болгон күчүбүздү,



аракетибизди, тажрыйбабызды, акыл-эс, аң-сезимибизди колдонуп, керек болсо жаныбызды аябастан күрөшүп келебиз. Мына сиздердин кызматкерлер - Эржан жана Арлен буга мисал. (сапта турган Эржан Арленге көзүн кысып кубаттаганын билдирет). Себеби биздин мамлекетте качантан бери карапайым элди кордоп-зордоп жүргөн жана ошого шарт түзүп мыйзамсыз курал-жарактарды саткан кылмышкерлер колго түшүрүлдү. Бул кылмышты ачууда жетекчилик кылган полковник Темир Айтбаев кылмышкерлердин колунан каза болду. Ошондуктан бир мүнөт эскерүү жарыялайм.

Бир мүнөт эскерүүдөн кийин министр «Эрдик» медалдарын өз колу менен Эржан менен Арлендин көкүрөктөрүнө такты. Темир Айтбаевге берилген «Даңк» орденин музейге коюуну жана УВДнын баатырлары коюлган бюсттердин жанына Темирдин бюстун орнотууну сунуштады.

Бул иш чара ошол күнү кечинде телевидение аркылуу жаңылыктардан көрсөтүлдү.

Эржандын өзүнө мамлекет тарабынан берилген көп кабаттуу батиринде алган медалын майлап отурган кесиптештери, достору кубанышып Эржан менен Арленди колдорунда көкөлөтүп көтөрүштү. Фариданын кубанычына сөз жетпейт. Ал акырын Эржандын кулагына шыбырады:

-Качан той болот?

Эржан күтүүсүз болгон суроого кубангандан өзүн эмоцияга алдырып, отургандардын баарына жар салып:

-Бир жумадан кийин той. Биз Фарида экөөбүз үйлөнөбүз. Бардыгыңар тойго,- деп кыйкырды. Анан Фариданы бийге тартып, бул дүйнөдө экөө эле бар окшоп бийлеп жатышты.

Ал эми бет маңдайдагы үйдө отурган ошол колго түшүрүлгөн кылмыштуу топтун көмүскөдөгү жетекчиси - жогорку кызматтагы Ташмат Абакировго терезе ачык болгондуктан алардын бийлегендери даана көрүнүп,

сөздөрү угулуп турду. Жаңы бүткөн үйдөн Эржан батир алгандыгын ал билчү. Ошондуктан ичи күйүп кыйналып, бирок өзү да пайгамбар жаштан өтүп 70 ке жакындап калгандыктан колундагы мыйзамсыз курал-жарак сатуу боюнча өткөрүлүүчү соода иштеринин долбоору жазылган флешканы сындырып туруп балкондон ыргытты. Акылы айныган адамдай балкондо ары-бери басып, жаш кезинде атасы медресеге берип ыйманды, адилеттүүлүктү, Кудай алдындагы жоопкерчиликти, акыретти окуткан кездерин эстеди. Залга кирип актай кагазды алып, жетекчиликке өзүнүн жумуштан кетүү жөнүндөгү арызын жазды.

Кылмыштуу өнөктөштөрүнүн өз мекенинен качып чет жерде жүргөндөрү, чет өлкөгө алып качкан байлыктары элине да, өзүнө да насип этпей, кээ бирөөсү өлүп ошол жакта коюлганы, урпактары качкын, жемкор аталып элге жек көрүнгөндүгү, бир туугандары, ата-энеси өлсө да келип топурак сала албагандары көз астынан чубуруп өтүп жатты.

Анан терең үшкүрүп алды.

-Бүттү, Кудай өмүр берсе калган өмүрүмдү ибадат кылуу менен өткөрөм. Чындыгында мен саттырган куралдар канча адамдардын өлүмүн себепкер болду. Өзүмдүн канымдан жаралган балам Темир да менин атасы экенимди билбей Айтбайдын баласы болуп, мен саткан куралдан ажал тапты. Темирдин көзү өткөндөн кийин, анын апасынын курбусу Айжаркын Темир менин балам экендигин айтып берди.

Элимде болгон куралдуу кагылышууларга да мен күнөөлүүмүн.

Мындан ондогон жыл мурда келген он жети вагондогу гумжардамга афганистанга жөнөтүүчү ундун ичинде жашыруун келген автоматтар жана башка куралдарды күч бөлүмдөрү таап, элге жарыя кылып артка кайтарбаганда, элге эмне болот эле Кудай билет.



Биз саткан куралдарды азыркы күнгө чейин кылмышкерлер, өздөрүнүн кылмыштуу ойлорун ишке ашыруу үчүн колдонуп келе жатат.

Буга ошол белгилүү болгон он жети вагондон жоголгон вагондордогу куралдар да кирет. Биз билбеген канча, бул ишке мен да күнөөлүүмүн, ошондуктан Аллах мага бир баланы да ыраа көрбөдү, жашоодо жалгыз калдым, эми аз да болсо элимдин, кудайдын алдында, өзүмдү актоо үчүн мендеги курал алып саткан, кылмышкерлер тобунун маалыматтарын толугу менен керектүү адамдарга, күч түзүмдөрүнө жөнөтөйүн. Бул кылмыштуу ишти токтотуу керек! - деп интернеттен маалыматтарды жөнөтүп болгон соң ал маалыматтарды өзүнүн компьютеринен өчүрдү. Оор жүктөн жеңилдегендей кийимдерин алмаштырып даарат алып, жайнамазын жайып, түнкү намазды окуганы киришти.

## Милиция

Сөзү Маматибраим Самиевдики,
обону Маматибраим Бостонкуловдуку






## МИЛИЦИЯ

Өз мекендин ыйыктыгын сезишкен,
Өз өмүрүн керек болсо беришкен.
Ыйык тутуп мыйзамдарын элимдин,
Кылмышкерден журтун коргоп келишкен.

**Кайырма:**
Милиция бейпилдикти сактаган,
Берген антын эл алдында актаган.
Ардагерлер сап башында болушуп,
Насаат айтып, сабырдуулук сактаган.

Кыргыз эли байыртадан баатыр эл,
Сакчыларды мыктылардан тандаган.
Мындай улуу бийик парзды аткарган,
Жигиттерге эл суктанып таң калган.

**Кайырма:**
Милиция бейпилдикти сактаган,
Берген антын эл алдында актаган.
Ардагерлер сап башында болушуп,
Насаат айтып, сабырдуулук сактаган.

Ардагерлер акыл айтып үйрөткөн,
Милиция тайманбаган эр болот.
Элибиздин укуктарын коргоодо,
Милиция акыйкатты орнотот.

**Кайырма:**

## «Агентурист» кинотасмасынын катышуучулары



### «Агентурист» кинотасмасынын режиссеру: Анарбаев Нарбото

### Театр жана кино актёру:

**Спектаклдеги ойногон ролдору:**
Москва, 2015-ж. «Время и семья Конвей» реж: Ярослава Дубина;
Бишкек, 2017-ж. «Чипполино» реж: Бекбулат Парманов.
Бишкек, 2018-ж. «Очень простая история» реж: Б. Парманов.


**Кинодо жараткан башкы ролдору:**
Ош. 2011-ж. «Селкинчек» реж: Камат Касенов
Бишкек. 2016-ж. «Миллионердин сүйүүсү» реж: Аскат Сулайманов
Бишкек. 2016-ж «Революция токтотулат» реж: Аскат Сулайманов

**Кинодо жараткан ролдору:**
Москва. 2015-ж «Легенда о Коловрате»;
Москва. 2015-ж «Яна и Янко»;
Бишкек. 2018-ж «Данияр»;
Кыргызстан. «Курманжан Датка».



### «Агентурист» кинотасмасынын көркөм жетекчиси Маматкулов Тимур Гуламович

1995-ж. «Толгонай» Кыргызфильм
1994-1997-ж. «Манас», «Манастын уулу Семетей», «Кожожаш», «Сакрат», «Найман эне» спектаклдери
1996-ж. «Күйөө бала» спектакль
1997-ж. «Вест сайд окуясы» спектакль
1998-ж. «Маңкурт» спектакль
1999-ж. «Деңиз кыздары» спектакль
2004-2005-ж. «Чиркин өмүр» кино сериал
2007-ж. «Боз балдар» кино
2007-ж. «Таажы» спектакль
2008-ж. «Курманжан Датка» спектакль
2009-ж. «Наристенин чаңырыгы» спектакль
2009-ж. «Сепсиз кыздын сүйүүсү» спектакль
2010-ж. «Чагылгандын огу» кинотасмасы
2011-ж. «Айылдан айга» кинотасмасы
2012-ж. «Атымды башка коемун» кинотасмасы
2009»ж. «Селкинчек» кинотасмасы
2009-ж. «Даре» кинотасмасы
2010-ж. «Курманжан Датка» документалдык тасма
2012-ж. «Жайыл баатыр» спектакль
2012-ж. «Абдыкадыр Орозбеков» спектакль
2013-ж. «Президент жана бомж-2» кинотасмасы
2014-ж. «Кечир мени» спектакль
2017-ж. «Биздин мектеп» кинотасмасы
2018-ж. «Имамдардын күнү Сарахсий»



### «Агентурист» кинотасмасынын башкы оператору Съездбек Жолдошбаев

«Сырдуу кумура»;
Эки жүздөн ашуун клип;
«Агентурист» кинотасмасы.

## «Агентурист» кинотасмасынан алынган кадрлар


















КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТРЛИГИ
ОШ ШААРДЫК ИЧКИ ИШТЕР БАШКАРМАЛЫГЫ



























## «Агентурист» кинотасмасын жаратуучулар

Автор:
Режиссер: **Маматибраим Самиев**
Сүрөтчү: **Нарбото Анарбаев**
Оператор: **Акылбек Тойчубаев**
Оператордун ассистенти: **Съездбек Жолдошбаев**
Жарык берген: **Максатбек Мадмаров**
Үн режиссёру: **Аярбек Жолдошбаев**
Грим жана костюм: **Айбек Алимов**
Администратор: **Тынчтык Абдикерим уулу**
Фотограф: **Айгерим Нурмамат кызы**
Редактор: **Мурат Сатаров**
Жардамчы: **Элиза Кочкор кызы**
**Нооруз Акматалиев**
**Канат**
Көркөм жетекчи: **Тимур Маматкулов**

### Башкы каармандар

**Темир Айтматов** Азиз Мурадилаев
**Абай Бектурович** Эдил Бакаев
**Капитан Залкар** Тимур Маматкулов
**Эржан Айтматов** Омор Акматалиев
**Фарида** Диана Туташова
**Арлен** Имаш Анарбай уулу
**Капитан Кангелдиевич** Мурат Сатаров

### Ролдордо

Генерал-майор милиции **Генерал Расул Раимбердиев**
Советник **полковник милиции**
**Маматибраим Самиев**
Каразак жана анын жардамчысы **Бектур Абыл**
**Арлен Равшанбеков**
Камчы Канатбеков **Рыскелди Мойдунов**
Таз баш **Аярбек Жолдошбаев**
Фариданын апасы **Кайыргүл Жуманова**
Курал сатып алуучулар **Бактияр Ахмеджанов**
**Тилек Кожонов**
МАИ кызматкери
Капитан **Бексултан Ташкулов**



Кангелдиевичтин жардамчылары **Ынтымак Рашид уулу**
**Даниел Ниязов**

### Эпизоддордо

Милициянын полковниги **Шаирбек Шакиров**
Милициянын полковниги **Бакы Дыйканов**
Милициянын полковниги **Алмамбет Мыйманбаев**

### Ош областык жана шаардык ИИБнин жалпы жамааты

**Өмүрбек Дүйшөбаев**
**Талант Болотов**
**Марс Бакеев**
**Кутман Урулбай уулу**
**Мирлан Мирзалиев**
**Давлес Жунусов**
**Канимет Арапов**
**Акмал Боронов**
**Тынчтык Абдыманап уулу**
**Дурусбек Момбеков**
**Эрмек Шадыев**
**Элдияр Жороев**
**Набижан Гайыпкулов**
**Максатбек Маматов**
**Жыргалбек Маматов**
**Нурлан Каримов**
**Талант Каримов**
**Айбек Алимов**
**Пазылов Улукман**
**Бекмаматов Айбек**
**Айгерим Нурмамат кызы**
**Тынчтык Абдикерим уулу**
**Жолдошалы уулу Баястан**
**Адилет Ибраимов**
**Баяман Парпиев**
**Адилет Сулайманов**
**Мухаммед Абдыкалыков**

**Консультанттар:**

Милициянын ардагери, полковник
**Самиев Маматибраим Самиевич**
***
Ош облустук ИИБнын башчысы, милициянын полковниги
**Нурдинов Малик Абсаматович**
***
Ош шаардык ИИБнин башчысы, милициянын полковниги
**Боронов Мурат Самидинович**
***
КРнын ИИМнин ардагерлер Кеңешинин төрагасы, отставкадагы милициянын полковниги
**Жоошбаев Султанбек**

**Терең ыраазычылык билдиребиз:**

КРнын ИИМнин министри, генерал-майор
**Джунушалиев Кашкар Астаканович**
***
КРнын вице-премьер-министри
**Аскаров Замир Марипбаевич**
***
КРнын ИИМнин министрдин 1-орун басары, генерал-майор
**Өмүрзаков Сүйүн Абдылдаевич**
***
Ош областтык ИИБнын башчысы, милициянын полковниги
**Нурдинов Малик Абсаматович**
***
Ош шаардык ИИБнин башчысы, милициянын полковниги
**Боронов Мурат Самидинович**
***
Запастагы генерал-майор
**Бөрүбаев Мырза-Алы Борубаевич**
Экс КРнын коргоо министринин орун басары
***
Ош ОИИБнын КМКнын ТЧКАОнун командири, милициянын полковниги
**Закиров Камчыбек Сагынбаевич**
***



Милициянын отставкадагы генерал-майору
**Раимбердиев Расулберди Раимбердиевич**
***
Ош шаардык ИИБ боюнча патрулдук милиция бөлүмүнүн башчысы, милициянын полковниги
**Шакиров Шайырбек Шакирбекович**
***
Ош областтык ИИБнын басма сөз кызматынын жетекчиси, милициянын полковниги
**Аширбаев Жеңишбек**
***
Ош областтык ИИБнын кесиптик даярдоо бөлүмүнүн башчысы, милициянын подполковниги
**Эргешов Толкун Турдукулович**
***
КРнын коргоо министрлигинин-полковниги
**Ишкарин  Руслан Тахирович**
***
Ош шаардык ИИБнын кадрлар бөлүмүнүн начальниги, милициянын полковниги
**Дыйканов Бакы Аширбекович**
***
Ош областтык ИИбнын тергөө бөлүмүнүн тескөөчүсү, милициянын подполковниги
**Шерматов Асан Рысбаевич**
***
(Охотничий магазин «Батор 9») жетекчиси
**Ахмеджанова Жамиля**
***
«Жети түс» типографиясынын жетекчиси
**Сатыбаев Мирланбек**
***
«Ак-Буура» кинотеатрынын директору
**Ренат Нарматов**
***
«ЭТНО ХОТЕЛ ОШ» эс алуу жайынын жетекчиси
**Маматова Асел**
***
«DOSTOR» студиясынын директору
**Каныбеков Чыңгыз**

***

«Народный» магазининин директору
**Жолдошов Тургуналы**

***

**Айтматов Аскар**

**Жороева Айпери**

**Жыргалай Каныбек кызы**

**Ахмеджанов Бактияр Кушакович**

**Эргешов Мадамин**

**Гайыпкулов Набижан**

**Жээнбеков Мамасадык**

**Убайдыллаев Хайрулло**

**Алимбеков Бактыбек**

**Шумкарбек Абдираим уулу**

**Маматкаримов Ильяз**

**Зулумбеков Кенже**

**Дүйшөбаев Өмүрбек**

**Култаев Белек**

**Алтыбаев Мунарбек**

**Машанов Искендер**

**Андаров Кылычбек**

**Эгембердиева Бегимай**

**Мирлан Каримов**



**Китеп жана кинотасма жөнүндө ой-пикир билдирүүчүлөр үчүн**
**0772 24 00 59**

## МАЗМУНУ

Баш сөз............................................................................... 3
Агентурист........................................................................ 5
Милиция............................................................................ 36
«Агентурист» кинотасмасынын катышуучулары........... 38
«Агентурист» кинотасмасынан алынган кадрлар ........... 40
«Агентурист» кинотасмасын жаратуучулар.................. 46

Самиев Маматибраим

**Агентурист**

Редактор: К.Самиев
Корректор: М.Турсунбекова
Тех.редактор: Тойчубаев А.А.

Басууга: 10.0.2018-жылы кол коюлду.
Кагаздын форматы 60Х84 1/16 Көлөмү 3,25 басма табак
Нускасы: 400
Ош шаары, Курманжан-Датка көчөсү 236.
Тел.: моб +996 778 50 04 88



80с

## САМИЕВ МАМАТИБРАИМ



«Агентурист» кино тасмасынын автору. Эмгек жолун алгач Өзгөн районунун «Алга» совхозунун алтынчы бөлүмүндө ат багуу менен баштаган. Кийинчерээк шаарга келип куруучу болуп иштеген. Коммунисттик партиянын жолдомосу менен Ички иштер министрлигинде иштеп милициянын полковниги чинине чейин жеткен.

Акыйкатчынын Түштүк бөлүмүнүн жетекчиси-мамлекеттик кызматтын 1-класстагы кеңешчиси, техника илимдеринин кандидаты, Манас изилдөөчү, Кыргыз Республикасынын Улуттук жазуучулар жана журналисттер союзунун мүчөсү, коомдук ишмер.

Мамлекет жана коомчулук М.Самиевдин чыгармачылыгын баалап КРнын ИИМнын, СССР ИИМнын ведомстволук медалдары, КРнын омбудсменининин, КРнын Улуттук жазуучулар Союзунун, КРнын Улуттук илимдер академиясынын, КРнын журналистер Союзунун, Ош шаарынын мэриясынын, Өзгөн, Лейлек райондорунун жана Ош областтык мамлекеттик администрациясынын Ардак грамоталары, КРнын ардактуу инсандар коомдук бирикмеси “Эл сүйгөн жетекчи” ордени, “Кылым залкары” наамы жана Алтын төш белгиси, КРнын “Алтай-Манас-Талас” коомдук бирикмеси Ардак грамотасы, КРнын “Маданиятынын мыктысы”, КРнын Президентине караштуу мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясы, “Кыргыз тили” төш белгилери, Эл аралык Мустафа Кемаль, “Ататюрк” илим жана маданият багытындагы коомдук фондунун “XXI кылымдын мыкты коомдук жана саясый ишмери” ардактуу наамы жана алтын медалы менен сыйланган. Мырзаке айыл өкмөтүнүн “Ардактуу атуулу” наамы ыйгарылган.

Жарык көргөн китептери: «Аалы акеден (Аликеден) таркагандардын ата-теги», «Эр жигиттин калыптанышына Манастын жеке таасири», «Манас эпосунда ислам дининин орду» (кыргыз, өзбек, түрк, араб тилдеринде жарык көрдү), «Кыргыз байыркы түптүү, улуу эл», «Ислам дининдеги мазхабдар, агымдар жана Кыргызстанда тыюу салынган уюмдар тууралуу маалыматтар», «Элим-менин саяпкерим», «Манас эпосунда аялзатынын үй-бүлөгө жана коомго болгон таасири», «Религиозные, религизно-экстремистские организации в КР», «Предотвращение и раскрытие должностных преступлений при передаче земельных участков в частную собственность или временное землепользование незаконным путем», “Понятие о ваххабизме, Хизбут-тахрире и исламском движении Узбекистана», “Гелиовоздухо-нагреватели низкопотенциальных солнечных установок», “Телевидениеде жарык көргөн интервьюлар жыйындысы”, “Ыйман ырын ырдайлы”, “Биздин мектеп” (кино тасма тартылып, кино театрларда, мектептерде көрсөтүлүүдө), “Байсалдуу сапарлар”, “Имамдардын күнү Сарахсий” (спектакль коюлууда), азыр сиздерге “Агентурист” китебин жана уйкаш аттуу режиссёр Нарбото Анарбаев тарабынан тартылган көркөм кино тасманы тартуулайт.